# Киреше жана чыгаша



Автор: Абдыкерим Муратов

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Киреше жана чыгаша

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Киреше жана чыгаша" (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир күнү ата-эне балдары менен үй-бүлөлүк бюджетти санамак болушту.

– Бүгүн мектепке канча акча алып кеттиңер? – деди атасы кыздарын карап.

– Мен – жүз элүү сом, – Зейнеп биринчи жооп берди.

– Эмнеге короттуң? – деди атасы.

– Бир пирожки жана бир стакан шире алдым.

– Ал канча сом болду?

– Экөөнө сексен беш сом төлөдүм. Анан мектептен келе жатып алтымыш беш сомго кичинекей кызыл топ сатып алдым. Сонун экен!

– А сенчи, Аруукe?


– Жүз сом алгам.

– Жеттиби?

– Мектептен таттуу токоч, бир стакан лимонад алып ичтим. Жолдон шарик алайын десем, ага жетпей калды.

– Демек, бир айда жыйырма төрт күн окууга барсаңар, канча акча кетет экен?






– Үч миң алты жүз, – деди Зейнеп ойлоно калып. – А сагачы, Арууке?

Арууке эсептеп турган окшойт, дароо эле айтты:

– Эки миң төрт жүз сом! Экөөбүздүкү биригип алты миң сом болот! – дешти кыздар бир ооздон.

– Эми үйгө төлөнүүчү кызматтардын эсебин чыгарабыз. Мына, өткөн айдын дүмүрчөктөрү.

Атасы колундагы кагаздардын бир бирден окуп кирди:

– Муздак сууга – 60 сом, ысык сууга – 400 сом, газ – 120 сом, электр жарыгы – 96 сом, таштанды чыгаруу – 36 сом, лифт – 20 сом, кароолчуларга, подъезд жуугандарга – 80






Кыздар ичтеринен эсептеп жатышты. Арууке кагаз алып жазып кирди эле, Зейнеп ага кошула калды.

– Сегиз жүз он эки сом! – дешти кубана.

– Эми ушул чыгашалардын жалпы суммасын чыгаралы, – деди апасы кыздарын карап.

– Бир жүз отуз үч миң тогуз жүз он эки сом. Мына, биздин чыгашабыз! – дешти кыздары.

– Эми кирешелерди санайбыз? – деди атасы олуттуу.


– Апа, сизди айлыгыңыз канча? – деди Зейнеп.

– Отуз алты миң беш жүз сом алам, – деп жооп берди апасы.

– А меники апаңардын айлыгынан төрт миң беш жүз сомго көп.

– Ата, – деди Зейнеп, – сиз кырк миң беш жүз сом алат турбайсызбы.

– Жетимиш жети миң сом киреше болот турбайбы, – дешти кыздар эсептеп.





– Чыгаша киришеден ашып кетпеши үчүн үнөмдөшүбүз керек. Ошол үнөмдөлгөн акчага чогуу Ысык-Көлдө эс алабыз. Мектепке да даярдык көрөбүз. Демек, каражатты кантип үнөмдөсөк болот? – деди атасы.

– Мен күнүнө Аруукедей жүз сомдон эле алайын. Тамактан ашып калган акчага, мурдагыдай кереги жок буюмдарды албай турсам болот, – деп Зейнеп мектепке алган акчасын азайтмак болду.

– А мага жетимиш сом деле жетет, – Арууке да акча үнөмдөөнүн жолун айтты.





– Мен деле машинаны көп айдабай турсам, бензинге да акча аз кетет. Бир күн машине айдап, бир күн жумушка жөө эле барайын. Жөө баскан ден соолукка да пайда эмеспи, – деди атасы.

– А мен үй-бүлөнүн банкири болом. Үнөмдөлгөн акчаны чогултуп, эсептеп турайын, – деди апасы.

Баары апасынын сонун кызмат таап алганына күлүп калышты...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**